"Бекитемин"
Мектеп директору ________________
Н.Асимбекова

# №95 Таабалды Жоробеков атындагы орто мектеби мекемесинин педагогикалык кеңешмеси жөнүндө жобо жалпы жоболор

1.1 Педагогикалык кеңеш – билим берүү мекемелеринин окуу – тарбия иштеринин негизи маселелерин кароочу, туруктуу иштөөчү орган болуп саналат. Педагогикалык кеңештин төрайымы болуп мектеп директору эсептелет.

1.2 Педагогикалык кеңеш өз ишмердүүлүгүндө Кыргыз ,Республикасынын "Билим берүү жөнүндөгү"типтүү жобого, мекеменин уставына таянат.

1.3 Билим берүү мекемелеринин педагогикалык кеңешинин негизги максаттары

- Окуу – тарбия иштеринин сапатын жогорулатуу
- Педагогикалык илиминин жетишкендиктерин, алдыңкы педагогикалык тажрыйбалардын жана окутуунун инновциялык технологияларын иш жүзүнө ашыруу
- Тиешелүү аймактагы мектеп жашындагы  бардык балдардын окууга тартылуусун камсыз кылуу
- Медициналык – психологиялык комиссиянын сунуштарынын негизинде атайын мүчүлүштүгү бар балдарды инклюзивдүү (окуучулар менен бирдикте) окууга тартууну кийирүү
- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик символдорун окуп үйрөнүү, "Манас" эпосунун 7 осуяттарынын, кыргыз жана башка улуттардын (Кыргызстанда жашакан) каада – салттарынын негизинде окуучуларды жана өспүпүрүмдөрдү тарбиялоо

1.4 Педагогикалык кеңештин чечими мектептин жамааты үчүн сунуш берүүрү мүнөзгө ээ. Мекеменин буйругу мнен бекитилген педагогикалык кеңештин чечими аткарылууга милдеттүү.

## 2. Педагогикалык кеңештин милдеттери жана иш мазмуну

2.1 Педагогикалык кеңештин негизги милдеттери:
Билим берүү маселелери боюнча мамлекеттик саясатты мектептин деңгээлинде жүзөгө ашыруу, педагогикалык жамаатты окуу – тарбия процессин жакшыртууга багыттоо; педагогика илиминин жетишкендиктерин жана алдынкы педагогикалык тажрыйбаны мектеп ишмердүүлүгүнө киргизүү; окуучуларды кбыл алуу, көчүрүү жана бүтүрүү чечимдерин кабыл алуу.

2.2 Педагогикалык кеңештин функциялары:
Окуу – пландарын,окуу – тарбия программаларын талкулоо жана кабыл алуу; педагогдордун кесиптик чеберчилигин жогорулатуу жана кайра даярдоо маселелерин кароо; мамлекеттик стандарттын негзинде окуучулардын өздөштөрүүсүн көзөмөлдөө; мектептин иш планы талкулоо жана бекитүү; мектептин педагогикалык кызматкерлеринин малыматын жана отчетун, окуу – тарбия, окуучулардын өнүгүүсү, коопсуздугу ж.б маселелер боюнча мектеп менен байланышта иштеген уюмдардын өкүлдөрүнүн  билдирүүлөрүн угуу, окуучуларды жыйынтыктоо аттестациясына уруксат берүү, окуучуларды кийинки класска көчүрүү же ордуна калтыруу, билим тууралуу тиешелүү документтерди, анын ичинде алтын тамга аттестатын, артыкчылык күбөлүк берүү, окуудагы ийгиликтери үчүн окуучуларды грамота, мактоо баракчасы менен сыйлоо чечимин кабыл алуу; педагогикалык кызматкерлерди КР мамлекеттик жана ведомостволук сыйлыктарга көрсөтүү жөнүндө мектеп директорунун

сунушун бекитүү; КРнын мыйзам жана укуктук ченемдик актыларына каршы келбеген бөлөк иштерди жасай алат.

**Педагогикалык кеңештин укуктары жана жоопкерчиликтери**

3.1. Педагогикалык кеңеш төмөнкүлөргө укуктуу:

- сунуштарды иштеп чыгуу жана аларды педагогикалык кеңеште кароо максатында убактылуу чыгармачыл топторду түзүүгө;
- өзүнүн компетенциясындагы талаш маселелерди биротоло чечүүгө;
- зарыл болгон учурда педагогикалык кеңештин төрайымынын демилгеси менен чогулушка ата – энелер, коомдук уюмдардын өкүлдөрү ж.б тиешелүү адамдарды катыштырууга;

**3.2. Педагогикалык кеңеш төмөнкүлөргө жооптуу:**
- иш планынын аткарылышына;
- кабыл алынган чечимдердин КРнын Мыйзамдарына туура келишине;
- эксперттик бүтүмдөгү окуу программаларын бекитүүгө;
- ар бир каралган маселелер боюнча жооптууларды жана аткаруу мөөнөтү көргөзүлгөн чечимдерди кабыл алууга.

**4. Педагогикалык кеңештин ишин уюштуруу**

4.1. Педагогикалык кеңеш өз мүчөлөрүнөн педагогикалык кеңештин катчысын шайлайт.

4.2. Педагогикалык кеңеш мектептин иш планынын негизинде түзүлгөн план менен иштейт.

4.3. Педагогикалык кеңештин чогулушу мектептин планына ылайык кварталына кеминде бир жолу чакырылат.

4.4. Педагогикалык кеңештин чечими катышкандардын көпчүлүк добушу менен кабыл алынат. Добуштар бирдей болуп калса төрайымдын добушу чечүүчү мүнөзгө ээ.

4.5. Педагогикалык кеңештин чечимин аткарууну мектеп директору жана чечимде көргөзүлгөн жооптуу адам уюштурушат. Аткарылган иштин жыйынтыгы кийинки чогулуштарда билдирилет.

4.6. Педагогикалык кеңештин чечимин аткарууну мектеп директору макул болгон учурда, ал үч күндүн ичинде жүйөөлөрдү кайрадан карап чыгып, эгерде талаш маселе жаралса, чечимди биротоло кабыл алуу үчүн райондук билим берүү бөлүмүнө билдирет.

**5. Педагогикалык кеңештин документтери**
5.1. Педагогикалык кеңештин чогулуштары протоколдонот. Анда маселени талкуулоонун жүрүшү, сунуштар жана эскертүүлөр, кабыл алынган чечимдер белгиленет. Протоколго төрайымдын жана катчынын колу коюлат.
5.2. Окуучуларды көчүрүү жана бүтүрүү протоколдорун окуучулардын тизмеси

менен тариздeлип, мектептин буйругу менен бекитилет.
5.3. Протоколдордун номери жаңы окуу жылынан башталат.

5.4. Педагогикалык кеңештин чогулуштарынын китеби иш кагаздар номенклатурасына кирип, мекемеде дайыма сакталат жана акт аркылуу өткөрүлүп берилет.

5.5. Педагогикалык кеңештин чогулуштарынын китеби ар бет боюнча номерленип, мекеме директорунун колу жана мөөрү менен бекитилет.

**Таабалды Жоробеков атындагы № 95 орто мектебинин эмгек жамаатынын 2021-2022-окуу жылындагы кезектеги педкеңешмесинин**

**№ 1 Протоколу**

Кара - Тарык айылы 2021-жылдын 27- августу

Баары---17

Катышканы---17

**Президиум**

Н.Алимбекова—төрайымы, мектептин директору

Ж.Тажибаева —мүчөсү ,кесиптикбирликтинтөрайымы

М.Кожошова —катчысы,

**Кун тартибинде**

1.Өткөн окуу жылындагы окуу тарбия иштеринин жыйынтыктары.
2.Жаңы окуу жылына карата аткарылуучу иштер:
а)Мектептин жылдык окуу планын бекитүү.
б) Базистик окуу планынын негизинде мугалимдердин окуу жүктөмдөрүн бекитүү
в)Класс жетекчилерди дайындоо,насаатчыларды,усулдук бирикмелердин башчыларын дайындоо
г)Мектеп компоненти боюнча 5-жана 8-класстарга сабактарды бөлүштүрүү

3.Кыргыз Республикасынын Билим Берүү жана Илим министрлигинин 2020-жылдын 1-сентябрындагы 699/1 буйругундагы сунушталган китептер жөнүндө .

4. Жалпы жоболордун негизинде мектепке ылайыкташтырып мектептин жоболорун иштеп чыгуу.

**Угулду:**

Алимбекова Назира мектеп директору 1-маселе боюнча төмөндөгүлөргө токтолду.Өткөн окуу жылында 1-2- чейректин аралыктан окутуу процесси ,3-4-чейректеги реалдуу окуу процессиндеги окуу тарбия иштери боюнча пландаштырылган иштердин аткарылышы канааттандырарлык болду.Аралыктан окутууда да,салттуу окутууда да мугалимдерибиз чыгармачылык менен иштеп,видео сабактарды,класстан тышкаркы сабактарды,тарбиялык сабактарды Zoom,Classroom, WhatsApp тармактарды колдонуп, сапаттуу сабак берип,аракеттенип иштешкендерин белгилеп кетти.Өткөн окуу жылында аймактык олимпиададан 4 окуучу 3-4-орундарга жетишкен,.ЖРТ боюнча 5 окуучу тосмодон өтүп алдынкы балл 126 болду. “Мыкты мугалим”сынагынын аймактык турунан кыргыз тили жана адабияты мугалими Тажибаева Жанылкан 3-орунга жетишти. Быйылкы окуу жылында жаңы усулдарды колдонуп,чыгармачылык менен

эмгектенип,иш- чараларды иштеп чыгып,окуучулардын билим сапатын көтөрүүнү алдыбызга милдет кылып коелу.

Жарыш сөзгө математика мугалими Н.Абдураимов, Г.Абакировалар чыгып, өткөн окуу жылынын окуу тарбия процесси канааттандырарлык экендигин сунушташты.

Педжамаат жогорудагы билдирүүлөрдү,сунушту угуп,талкуулап төмөндөгүдөй токтом кабыл алат:

**Токтом**

1. Өткөн окуу жылынын окуу тарбия процесси канааттандырарлык деп табылсын.
2. 2021-2022-окуу жылына карата билим сапатын көтөрүү үчүн иш чаралары иштелип чыгылсын.
3. Токтомдун аткарылышы ОББ Н.Абдураимовго милдеттендирилсин.

**Угулду:**

а) Алимбекова Назира – 2-маселе боюнча сөз сүйлоп, 2021-2022- окуу жылынын жылдык планы менен тааныштырды.Педагогикалык жамаат угуп,т алкуулап, жылдык планды бекитирүүгө макулдуктарын билдиришти.

б) ОББ Нурлан Абдураимов жаңы окуу жылына карата **базистик** окуу планы боюнча жуктөмдөрдүн бөлүштүрүлүүсү ар бир мугалимдин адистигине,билимин өркүндөтүү боюнча алган сертификатына,шартына жана жаңы окуу жылындагы чектөөлөргө карап бөлүштүрүлгөндүгүн,усулдук бирикмелердин жетекчилерин,ийрим жетекчилерин,класс жетекчилерди,насаатчы мугалимдерди,олимпиада жетекчилерин дайындоо жөнүндө маалымат берди. Ошондой эле мектеп компоненти боюнча 5-класстын кыргыз тили сабагына 1 саат кошула тургандыгын,себеби бул класстын материалы татаалыраак экендигинен жана башталгыч класстан 5-класска жаныдан көчүрүлүп жаткандыгына байланыштуулугуна токтолду.8-класстардын кыргыз тили сабагындагы татаал темаларды терендетип окутуу учун бул класстын аталган предметине да 1 саат кошула тургандыгын айтып өттү.

Ошондой эле башталгыч класстардагы 1 сааттык предметтерден:Турмуш тиричилик коопсуздугунун негиздери,адеп сабактары интеграцияланып мекен таануу,көркөм өнөр сабактары жумасына 2 сааттан окутулат.
Жарыш сөзгө тарых мугалими Н.Токоева,башталгыч класс мугалими Р.Мусакулова жогорудагы маалыматты угушуп,өздөрүнүн сунуштарын билдиришти.
Жогорудагы айтылган маалыматтарды,сунуштарды угуп жана талкуулап педагогикалык кеңеш төмөнкүдөй токтом кылат:

**Токтом**

1.2021-2022-окуу жылынын пландары бекитилсин жана өз убагында ишке ашырылышы көзөмөлдөнсүн.

2.2021-2022-жаңы окуу жылына карата базистик окуу планы боюнча окуу жүктөмдөрү төмөнкүдөй болуп бөлүштүрүлсүн.

1. Алимбекова Назира 12 саат (кыргыз тили жана адабияты)
2.Абдураимов Нурлан 22 саат (математика, физика)
3. Тажибаева Айгул 24 саат (англис тили)
4. Тажибаева Жанылкан 28 саат (кыргыз тили жана адабияты)
5. Кожошова Миргүл 18 саат (орус тили жана адабияты)
6. Абдиева Зуура (Китепканачы)
7. Абакирова Гулзат 18 саат (орус тили жана орус алабияты)
8. Мыктыбек кызы Айдана 24 саат (информатика жана математика)
9. Токоева Нуркан 21 саат (тарых, география ,адам жана коом)
10. Жалилов Тешебай 14 саат (тарых, география)
11. Мусакулова Рабия 10 саат (музыка,технология)
12. Камалдин уулу Жакшылык 18 саат (дене тарбия,АЧД)
12. Сатимова Бегайым 19 саат (химия,биология)
13. Мусакулова Рабия 18 саат (башталгыч класс)
14. Жоробекова Аксана 17 саат(башталгыч класс)
16. Адилбек кызы Гүлжамал 17 саат (башталгыч класс)
16. Азамова Барчынай 15 саат (башталгыч класс)
17. Парпиева Бибигүл 15 саат (Наристе)
18. Парпиева Бибигүл 8 саат (башталгыч класс дене тарбия)

**Төмөндөгү мугалимдер усулдук бирикменин жана ийрим иштеринин жетекчилери болуп дайындалсын**:
Табигый так илимдер багыттагы усулдук бирикмесине – Токоева Нуркан
Тилдер усулдук бирикмесине- Кожошова Миргүл
Башталгыч класс багыттагы усулдук бирикмеси- Мусакулова Рабия
Тарых ийримине – Токоева Нуркан, Жалилов Тешебай
Дене тарбия ийрими боюнча- Камалдин уулу Жакшылык

**Окуучуларга билим,тарбия берүүнүн сапатын жакшыртуу максатында төмөндөгү 12 класс комплектиге төмөндөгүдөй класс жетекчилер дайындалсын**:

1. Наристе Парпиева Бибигүл
2. 1-кл Азамова Барчынай
3. 2-кл. Адилбек кызы Гүлжамал
4. 3-кл Жоробекова Аксана
5. 4-кл. Мусакулова Рабия
6. 5-кл. Токоева Нуркан
7. 6-кл. Тажибаева Жанылкан
8. 7-кл. Тажибаева Айгүл
9. 8-кл. Кожошова Миргул

10. 9- кл. Сатимова Бегайым
11. 10-кл. Алимбекова Назира
12. 11 – кл. Абдураимов Нурлан

**Жаш адистерге насаатчы болуп төмөндөгү мугалимдер дайындалсын:**

1. Азамова Барчынай стажы 2 жыл, башталгыч класс муг. насаатчысы- Парпиева Бибигул

2.Мыктыбек кызы Айдана стажы 2 жыл математика, информатика муг. насаатчысы- Абдураимов Нурлан

**Олимпиадалык борборлордун ишин төмөнкү мугалимдер жетекчиликке алсын:**

1.Математика олимпиадалык борбору – Мыктыбек кызы Айдана
2.Физика сабагы боюнча олимпиадалык борбору- Абдураимов Нурлан
3.Кыргыз тили жана адабияты олимпиадалык борбору- Тажибаева Жаныкан
4.Орус тили,орус адабияты олимпиадалык борбору- Кожошова Миргүл
5.Англис тили олимпиадалык борбору – Тажибаева Айгүл
6.Тарых олимпиадалык борбору- Жалилов Тешебай
7.Химия,биология олимпиадалык борбору- Сатимова Бегайым
8.География олимпиадалык борбору- Токоева Нуркан
9. Информатика олимпиадалык борбору- Мыктыбек кызы Айдана
10.Башталгыч класс олимпиадалык борбору – Мусакулова Рабия

3. Мектеп компоненти боюнча 5-класстын кыргыз тили сабагына 1 саат кошумча саат жана 8 – класстын кыргыз тили сабагына 1 саат кошумча саат берилсин.

Угулду:

3-маселе боюнча мекептин китепканачысы Абдиева Зууракан “Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2020 – жылдын 1 – сентябрындагы №699/1 буйругундагы сунушталган китептер” боюнча өткөн окуу жылында да кеңири маалымат берилген. Бул 4 жыл бою күчүндө болот. Окуу китептери жөнүндөгү маалымат № 1 тиркемеде берилген. Үстүбүздөгү окуу жылына да ушул китептер пайдаланылат деп токтолду.

Жарыш сөзгө мектеп директору Н.Алимбекова чыгып, №1 тиркемедеги сунушталган китептер боюнча кайрадан таанышып чыгып, окуучуларга туура бөлүштүрүп берүү зарыл экендигин белгилеп өттү. Жогорудагы айтылгандардын негизинде педагогикалык кеңешме төмөндөгүдөй токтом кабыл алат:

Токтом.

1. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2020 – жылдын 1 – сентябрындагы №699/1 буйругундагы сунушталган китептер колдонууга алынсын.

2. Сунушталган китептерди жетиштирип берүү жана бөлүштүрүп көзөмөлдөө жагы мектептин китепканачысы Абдиева Зуураканга жүктөлсүн.

Угулду:
4 – маселе Жалпы жоболордун негизинде мектепке ылайыкташтырып мектептин жоболорун иштеп чыгуу боюнча мектеп директору Н.Алимбекова маалымдады.Ал өз сөзүндө жалпы жоболордун негизинде мектепке ылайыкташтырып, мектептин жоболорун иштеп чыгууга тиешелүү мугалимдерге бөлүштүрүп, тез арада иштеп чыгуу жагын аткарууну ОББ Н.Абдураимовго милдеттендирди.

Жалпы педагогикалык жамаат жогорудагы маалыматты угуп, талкуулап төмөндөгүдөй токтом кабыл алды:

Токтом.

1. Жалпы жоболордун негизинде мектепке ылайыкташтырып мектептин жоболору иштеп чыгылсын.
2. Жалпы жоболордун негизинде мектепке ылайыкташтырып, мектептин жоболорун иштеп чыгууга тиешелүү мугалимдерге бөлүштүрүү, тез арада иштеп чыгуу жагын аткарууну ОББ Н.Абдураимовго милдеттендирди.

Педагогикалык кеңештин төрайымы: Н.Алимбекова
Педагогикалык кеңештин катчысы: М.Кожошова